Кыргыз
Республикасынын
Өкмөтүнүн
2011-жылдын 29-
ноябрындагы
№ 747 токтому менен
бекитилген

# Патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү аттестациялоонун жана каттоонун ТАРТИБИ

***(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы № 4 токтомунун редакциясына ылайык)***

## 1. Жалпы жоболор

1. Патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү аттестациялоонун жана каттоонун тартиби (мындан ары - Тартип) "Патенттик ишенимдүү өкүлдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (мындан ары - Мыйзам) ылайык иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасында патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү аттестациялоону жана каттоону ишке ашыруунун эрежелерин жана жол-жоболорун белгилейт.

2. Мыйзамга ылайык патенттик ишенимдүү өкүлдөргө талапкерлерди (мындан ары - талапкерлер) аттестациялоо жана патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү каттоо Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары - Кыргызпатент) тарабынан жүргүзүлөт.

3. Патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү аттестациялоо патенттик ишенимдүү өкүлдөр катары каттоого талапкер болуп жатышкан патенттик ишенимдүү өкүлдөргө талапкерлердин кесиптик ишти ишке ашырууга даярдыктарын аныктоо үчүн алар билдирген чектөөлөрдү эске алуу менен берилген документтерди текшерүү жана аттестациялык экзамен түрүндө өткөрүлөт.

4. Талапкерлерди аттестациялоо, патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү кошумча аттестациялоо Кыргызпатент тарабынан аттестациялоо жөнүндө арыздардын келип түшүү өлчөмү боюнча, белгиленген алым төлөнгөн шартта жүргүзүлөт.

Талапкерлерди патенттик ишенимдүү өкүлдөрүнө аттестациялоо Кыргызпатентте арыз катталган учурдан тартып жылдын ичинде өткөрүлөт.

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы № 4 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 2. Аттестациялоону өткөрүүнү уюштуруу

5. Патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү аттестациялоону өткөрүү үчүн Кыргызпатенттин жетекчиси Кыргызпатенттин жана анын ведомствосуна караштуу

түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин жана жогорку квалификациялуу адистеринин курамындагы аттестациялык жана апелляциялык комиссияларды дайындайт.

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы № 4 токтомунун редакциясына ылайык)*

6. Аттестациялык жана апелляциялык комиссиялардын сандык жана жеке курамдары, алардын иштөө мөөнөттөрү жана тартиби Кыргызпатенттин жетекчиси тарабынан бекитилет.

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы № 4 токтомунун редакциясына ылайык)*

7. Аттестациялык комиссия төрагадан, төраганын орун басарынан, комиссия мүчөлөрүнөн жана катчыдан турат.

8. Аттестациялык комиссиянын жыйыны эгерде ага комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен аз эмес бөлүгү катышса укуктуу болуп эсептелет. Чечимдер комиссиянын жыйынына катышып отургандардын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болуп калган учурда аттестациялык комиссиянын төрагасынын же төраганын милдетин аткарган учурда анын орун басарынын добушу чечүүчү добуш болуп эсептелет.

9. Аттестациялык комиссия:

- аттестациялык экзаменди өткөрүүнүн тартибин бекитет;

- аттестациялык экзамендин тапшырмаларын бекитет;

- экзамен алуучуларды дайындайт;

- аттестациялоо жөнүндө арыздарды карап чыгат жана аттестациялык экзаменге уруксат берүү жөнүндө чечим кабыл алат;

- аттестациялык экзаменди өткөрүүнү уюштурат;

- тестирлөөнүн жыйынтыктарын карап чыгат жана талапкерлерге экзаменге кирүүгө уруксат берүү жөнүндө чечим кабыл алат;

- аттестациялык экзамендин жыйынтыктарын карап чыгат жана аттестациялоо, ишин чектөө менен аттестациялоо же Мыйзамдын 7-беренесинин талаптарын эске алуу менен талапкерлердин аттестациядан өтпөй калгандыгы жөнүндө чечим кабыл алат;

- Кыргызпатенттин жетекчисине жыйындардын протоколдорун жана талапкерлерди аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча аттестациялык комиссиянын чечимдерин көрсөтөт.

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы № 4 токтомунун редакциясына ылайык)*

10. Апелляциялык комиссия төрагадан, төраганын орун басарынан, комиссия мүчөлөрүнөн жана катчыдан турат.

11. Апелляциялык комиссиянын жыйындары зарылдыгына жараша өткөрүлөт жана эгерде ага комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен аз эмес бөлүгү катышса укуктуу болуп эсептелет. Чечимдер комиссиянын жыйынына катышып отургандардын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болуп калган учурда аттестациялык комиссиянын төрагасынын же төраганын милдетин аткарган учурда анын орун басарынын добушу чечүүчү добуш болуп эсептелет.

12. Апелляциялык комиссия төмөндөгүлөрдү карайт:

- аттестацияланууучулардын аттестациялык, комиссиянын чечимдерине даттануулары;

- кесиптик милдеттерин талаптагыдай эмес аткаргандыгына байланыштуу патенттик ишенимдүү өкүлдөрдүн аракеттерине карата адамдардын арыздарын.

13. Мыйзамдын 5-беренесинин биринчи жана экинчи бөлүктөрүнүн 1-3-пункттарынын талаптарына жооп берген, патенттик ишенимдүү өкүл катары кесиптик ишин ишке ашырууга даярдыгы бар жана аттестациялоо жөнүндө арыз менен Кыргызпатентке кайрылууга укугу бар адам талапкер боло алат.

14. Патенттик ишенимдүү өкүлгө талапкер Кыргызпатентке белгиленген форма боюнча (1-тиркеме) аттестациялоо жөнүндө арыз берет.

Арызга төмөндөгүлөр тиркелет:

- тиешелүү жогорку билими жөнүндө нотариалдык күбөлөндүрүлгөн дипломдун көчүрмөсү;

- талапкерди кошумча мүнөздөөчү башка документтер (эмгек китепчесинин белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү, мүнөзү, өнөр жай менчигин жана селекциялык жетишкендиктерди коргоо тармагындагы иштеринин көлөмү жана натыйжалуулугу же кесиптик укуктук өкүлчүлүгү жөнүндөгү маалыматтарды камтыган талапкердин иштеген жеринен алынган мүнөздөмө), эгерде ушундайлар бар болсо;

аттестациялоо үчүн белгиленген алымдын төлөнгөндүгүн тастыктоочу документ.

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы № 4 токтомунун редакциясына ылайык)*

15. Эгерде талапкер экзамен бергенге чейин өнөр жай менчигинин жана селекциялык жетишкендиктердин айрым бир объектилери же кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым бир түрлөрү боюнча чектөөлөр тууралуу билдирген болсо, анда экзамен ошол чектөөлөрдү эске алуу менен кабыл алынат.

16. Аттестациялык комиссия патенттик ишенимдүү өкүлдөргө талапкерлердин көрсөтүлгөн документтерин карап чыгып, төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алууга укуктуу:

- эгерде талапкер тарабынан арыздын формасынын бардык графалары толтурулбаган болсо, же экзаменге киргизүү үчүн зарыл болгон кандайдыр бир документ көрсөтүлбөгөн болсо, же көрсөтүлгөн документтердин жана маалыматтардын далилдүүлүгүнөн шектенүү болсо, аттестациялык комиссиянын төрагасы же анын орун басары талапкерге аны алган күндөн тартып 10 (он) жумушчу күндүн ичинде аттестациялык комиссияга жетишпеген документтерди, көрсөтүлгөн маалыматтарды ырастоочу маалыматтарды же документтерди көрсөтүү сунушу менен сурам жөнөтөт. Эгерде талапкер көрсөтүлгөн мөөнөттө бул маалыматтарды жана документтерди бербесе, арыз берилген жок деп таанылат;

- эгерде патенттик ишенимдүү өкүлгө талапкер Мыйзамдын 5-беренесинин биринчи жана экинчи бөлүктөрүнүн 1-3-пункттарынын талаптарына ылайык келбесе, аттестациялык комиссия талапкерди экзаменге киргизбөө тууралуу чечим кабыл алат.

Арызды берилген жок деп таануу жөнүндө же патенттик ишенимдүү өкүлгө талапкерди экзаменге киргизбөө жөнүндө аттестациялык комиссиянын чечими ал

чыгарылган күндөн тартып 3 айдын ичинде апелляциялык комиссияга даттанылышы мүмкүн.

Апелляциялык комиссия ал келип түшкөн күндөн тартып бир айдын ичинде даттануу боюнча чечим кабыл алат.

17. Аттестациялык жана апелляциялык комиссиянын чечими менен экзаменге киргизилбеген жана ушул Тартиптин 15-пунктунун негизинде арыздары берилген жок деп таанылган талапкерлер аттестациялык комиссия чечим кабыл алган күндөн тартып 6 (алты) айдан кем эмес мөөнөт өткөндөн кийин же апелляциялык комиссия чечим кабыл алган учурдан тартып аттестациялоо жөнүндө кайрадан арыз бере алышат.

18. Экзаменге киргизилбеген жана арыздары берилген жок деп таанылган талапкерлерге алар тарабынан төлөнгөн алым алардын арызы боюнча кайтарылып берилет.

19. Берилген документтер жана талапкердин Мыйзамдын 5-беренесинин биринчи жана экинчи бөлүктөрүнүн 1-3-пункттарынын талаптарына ылайык келгендиги боюнча эскертүүлөр жок болгон учурда, ал экзаменге кирүүгө уруксат алат жана аттестациялык комиссия тарабынан экзаменге чейин кеминде эки жума мурда өтө турган жер жана убакыт жөнүндө маалымат берилет.

Аттестациялык экзамен бере турган күнү талапкер өзү менен паспортун же аны алмаштыруучу, анын ким экендигин тастыктаган документти ала келүүгө тийиш.

## 3. Аттестациялык экзаменди өткөрүү

20. Аттестациялык экзамен эки этаптан турат: тестирлөөдөн жана экзаменден.

21. Аттестациялык комиссиянын төрагасы жана анын орун басары аттестациялык экзамен берүү үчүн патенттик ишенимдүү өкүлдөргө талапкерлердин топторун түзөт.

22. Тестирлөө аттестациялык комиссия тарабынан иштелип чыккан тесттердин базасында өткөрүлөт.

Тестирлөө бланкалык негизде ишке ашырылат жана бир нече варианттарды караштырат.

Жооптордун тууралыгын текшерүү аттестациялык комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

23. Тестирлөөнүн жүрүшүндө талапкер анын анкеталык маалыматтары жана суроолорго жооптору чагылдырылган атайын "Жооптор баракчасын" толтурат.

Тесттеги суроолордун саны талапкер тарабынан билдирилген иштин чектөөлөрүнөн келип чыгат, аттестациялык комиссия тарабынан аныкталат.

24. Патенттик ишенимдүү өкүлдүн талапкерине тесттин 30 суроосуна жооп берүү үчүн 40 минут берилет. Тесттен өтүп жаткан адам ар бир суроого сунушталган жооптордун варианттарынын ичинен бирөөнү гана тандоого тийиш. Мында сунушталган варианттардын ичинен бирөө гана туура жооп болуп эсептелет.

25. Эгерде тесттен өтүүчү талапкер 20дан кем эмес суроого жооп берген болсо, тестирлөөнүн натыйжасы оң деп эсептелет.

26. Тестирлөөнүн жыйынтыктары боюнча протокол түзүлүп, ага аттестациялык комиссиянын төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан кол коюлат.

Тестирлөөнүн жыйынтыктарынын протоколунун негизинде аттестациялык комиссия тарабынан талапкерди аттестациялык экзаменге киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынат.

27. Тестирлөөнүн жыйынтыктары тестирлөө убактысынан тартып 2 күндөн кеч эмес мөөнөттө чыгарылат жана тестирлөөнүн жыйынтыктары чыгарылган мезгилден тартып үч күндүн ичинде талапкерге кабарланат.

28. Экзамен төмөнкү багыттар боюнча иштин билдирилген түрлөрүнө ылайык аттестациялык комиссия тарабынан бекитилген экзамендик тапшырмалар боюнча жүргүзүлөт:

- ойлоп табуулар жана пайдалуу моделдер;

- өнөр жай үлгүлөрү;

- товардык белгилер, тейлөө белгилери жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары;

- селекциялык жетишкендиктер.

Талапкер жогоруда саналган иш багыттарынын ичинен тандалып алынган ар бир түрү боюнча бир экзамендик билет боюнча тапшырат.

Суроолорго жооптор жана төрт теориялык суроодон жана бир практикалык маселеден турган экзамендик билеттердин тапшырмаларынын аткарылышы суммаланып беш баллдуу система боюнча бааланат. Экзаменге жалпы баа орточо арифметикалык баадан чыгарылат, мында өтө турган балл 3,7 ден кем эмес баллды түзөт.

Даярдануу үчүн убакыт талапкер билдирген келечектеги ишинин чектөөлөрүнүн көлөмүнө жараша аттестациялык комиссиянын төрагасы тарабынан белгиленет жана 120 минутадан ашпоого тийиш.

*(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы № 4 токтомунун редакциясына ылайык)*

29. Экзамендик билетке даярдануу процессинде талапкерлердин сүйлөшүүлөрүнө жана басма материалдарды жана жазууларды пайдалануусуна жол берилбейт.

Ушул пункттун талаптарын билип туруп бузган учурда, талапкер тапшырманы аткаруудан четтетилет жана экзаменди канааттандырарлык эмес баага тапшырды деп таанылат.

30. Талапкер жүйөлүү себептер менен белгиленген убакытта экзаменге келбей калган учурда, ага экзамен өткөрүүнүн башка убактысы жөнүндө кабардандырылат. Экинчи жолу белгиленген убакытта экзаменге келбей калган учурда, талапкер экзаменди канааттандырарлык эмес баага тапшырды деп таанылат.

31. Аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү билдирилген чектөөлөргө ылайык теориялык жана практикалык мүнөздөгү кошумча суроолорду берүүгө укуктуу.

32. Аттестациялык комиссия талапкердин экзамендик билет жана кошумча суроолор боюнча берген жоопторунун жыйынтыктарына карата добуш берүү аркылуу экзамендин канааттандырарлык же канааттандырарлык эмес натыйжасы (ишинин чектелиши менен же чектөөсүз) жөнүндө чечим чыгарат.

33. Канааттандырарлык эмес натыйжа аттестациялык комиссия тарабынан чечим чыгарылган күндөн тартып үч айдын ичинде апелляциялык кеңешке даттанылса болот.

Апелляция ал келип түшкөн күндөн тартып бир айдын ичинде каралат.

34. Апелляциялык комиссия зарылдыгына жараша талапкердин жана аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн түшүндүрмөлөрүн суроого жана апелляциянын карап чыгуусунун натыйжасында төмөндөгү чечимдердин бирин кабыл алууга укуктуу:

а) аттестациялык комиссиянын чечимин күчүндө калтырууну;

б) аттестациялык комиссиянын чечимин жокко чыгарууну;

в) кайрадан аттестациялоону дайындоону.

35. Аттестациялык комиссиянын чечими боюнча экзаменди канааттандырарлык эмес натыйжа менен берген талапкерлер аттестациялык комиссия чечим кабыл алган учурдан тартып алты ай өткөндөн кийин аттестацияга кирүүгө уруксат алышы мүмкүн.

Эгерде апелляциялык комиссияга даттанылган аттестациялык комиссиянын чечими күчүндө калтырылса, мындай учурда жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт апелляциялык комиссия чечим чыгарган датадан тартып эсептеле баштайт.

36. Экзаменди ийгиликтүү тапшырган талапкер патенттик ишенимдүү өкүл катары катталууга укуктуу.

37. Кошумча аттестациялоо (патенттик ишенимдүү өкүл өз ишин чектөөдөн баш тарткан учурда) ушул бөлүктө караштырылган тартипте алым төлөнгөн шартта аттестация жөнүндө арыздын келип түшүүсү боюнча ишке ашырылат.

38. Кайталап аттестациялоо жүргүзүү (апелляциялык комиссиянын дайындоосунда) ушул бөлүктө караштырылган тартипте, апелляциялык комиссия чечим чыгарган күндөн тартып, алты айдын ичинде жүргүзүлөт.

## 4. Патенттик ишенимдүү өкүлдөрдү каттоо

39. Оң натыйжа менен экзамен тапшырган адамдар каттоо жөнүндө арыздын негизинде аны берген күндөн тартып бир айдын ичинде жана белгиленген алым төлөнгөн шартта Кыргызпатент тарабынан Кыргыз Республикасынын Патенттик ишенимдүү өкүлдөрүнүн мамлекеттик реестрине (мындан ары Реестр) катталышат.

40. Каттоо жөнүндө арыз белгиленген формада (2-тиркеме) Кыргызпатентке берилет.

Арызга төмөндөгүлөр тиркелет:

- аттестациялоо жөнүндө чечим;
- каттоо үчүн белгиленген алым төлөнгөндүгүн тастыктаган документ.

41. Каттоо жөнүндө берилген документтердин негизинде Кыргызпатент документтер келип түшкөн күндөн тартып бир айлык мөөнөттө Реестрге зарыл маалыматтарды киргизет жана патенттик ишенимдүү өкүлгө белгиленген үлгүдөгү күбөлүктү (мындан ары - күбөлүк) берет.

42. Реестрдеги жазуу төмөндөгү маалыматтарды камтыйт:

- күбөлүктүн номери болуп кызмат кылуучу, каттоо номери;
- патенттик ишенимдүү өкүлдүн фамилиясы, аты-жөнү;
- туруктуу жашаган жери;
- аттестациялык комиссиянын чечиминин номери жана датасы;
- ишин чектөөлөр;

- жалдоо боюнча патенттик ишенимдүү өкүлдүн иши жөнүндө маалыматтар;

- кат алышуу үчүн дарек (Кыргыз Республикасынын чегинде), ошондой эле телефонунун, факсынын номери, электрондук почтасынын дареги, эгерде андайлар бар болсо, кат алышуу тилдери;

- патенттик ишенимдүү өкүлдү каттоонун датасы;

- күбөлүк берилгендиги жөнүндө маалыматтар.

43. Патенттик ишенимдүү өкүл катары каттоодон Кыргызпатент төмөндөгүдөй учурларда баш тартат:

- Мыйзамдын 5-беренесинин биринчи жана экинчи бөлүктөрүнүн 1-3-пункттарына ылайык, каттоого жолтоо болуучу кырдаалдар пайда болгондо;

- каттоо үчүн белгиленген алымдын төлөнгөндүгүн тастыктаган документ көрсөтүлбөгөндө.

44. Каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылган адамдарга, алар тарабынан каттагандыгы үчүн төлөнгөн алым алардын арызы боюнча кайтарылып берилет.

45. Патенттик ишенимдүү өкүлдүн кесиптик ишин ишке ашыруу укугу аны Реестрге каттаган датадан тартып пайда болот.

46. Мыйзамдын жана ушул Тартиптин талаптарына ылайык патенттик ишенимдүү өкүлдөр катарында катталбаган адамдар Кыргыз Республикасынын аймагында өз ишинде "патенттик ишенимдүү өкүлдөр" аталыштарын пайдаланууга укуксуз.

47. Патенттик ишенимдүү өкүлдү каттоо жөнүндө Кыргызпатенттин расмий басылмаларында жарыялоо жүргүзүлөт. Жарыялануучу маалыматтардын курамы Кыргызпатент тарабынан аныкталат.

48. Реестрди жүргүзүү процессинде ага төмөндөгүлөр киргизилет:

- патенттик ишенимдүү өкүл жөнүндө маалыматтарга өзгөртүүлөр жана толуктоолор (белгиленген алым төлөнгөн шартта);

- патенттик ишенимдүү өкүлдүн ишинде табылган укук бузууларды токтотууга, четтетүүгө багытталып кабыл алынган чаралар жөнүндө белгилөөлөр;

- патенттик ишенимдүү өкүлдү реестрден чыгаруу жөнүндө маалымат.

49. Патенттик ишенимдүү өкүл Кыргызпатент тарабынан төмөндөгүлөрдүн негизинде реестрден чыгарылат:

- патенттик ишенимдүү өкүлдүн жеке арызы;

- патенттик ишенимдүү өкүлдүн Кыргыз Республикасынын жарандыгын, анын ичинде туруктуу жашап турган жерин (башкача айтканда бир жылдан ашык убакытка чет өлкөдө болуусу) жана Кыргыз Республикасынын аймагында юридикалык дарегин жоготуусу же Мыйзамдын 5-беренесинин экинчи бөлүгүндө караштырылган кырдаалдардын пайда болушу;

- Кыргызпатентке патенттик ишенимдүү өкүл берген маалыматтарынын же документтеринин чындыкка ылайык келбегендигинин табылышы;

- патенттик ишенимдүү өкүлдүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболоруна ылайыксыз аракеттерине кардардын же адамдын бөлүп даттануусун карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча апелляциялык комиссиянын чечими;

- Мыйзамда караштырылган укуктар менен милдеттенмелерди патенттик ишенимдүү өкүлдүн кыянатчылык менен пайдалануусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана кесиптик этиканын эрежелерин дайыма жана одоно бузуу фактыларын карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча апелляциялык комиссиянын чечими;

- патенттик ишенимдүү өкүлдүн ишин үч жыл бою жүргүзүлбөгөндүгү;

- патенттик ишенимдүү өкүлдүн ишин жүргүзүүдө тыюу салуу же мындай ишти жүргүзүү мүмкүндүгүн жокко чыгаруучу башка жаза тууралуу соттун чечиминин күчүнө кириши;

- патенттик ишенимдүү өкүлдүн дүйнөдөн кайтышы жөнүндө күбөлүк.

Жогоруда көрсөтүлгөн негиздер боюнча патенттик ишенимдүү өкүл Реестрден чыгарылганда күбөлүк күчүн жоготот жана Кыргызпатентке тапшырылууга тийиш.

Патенттик ишенимдүү өкүл Реестрден чыгарылгандыгы жөнүндө маалымат Кыргызпатент тарабынан чыгаруунун себептерин көрсөтүү менен расмий басылмаларда жарыяланат.

50. Ага карата коюлган талаптар патенттик ишенимдүү өкүл тарабынан бузулган учурда, Кыргызпатент тарабынан Мыйзамдын 13-беренесинин үчүнчү бөлүгүндө караштырылган чаралар колдонулушу мүмкүн.

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
интеллектуалдык
менчик жаатындагы ыйгарым
укуктуу
мамлекеттик органынын
(Кыргызпатент)
жетекчисине
_____________________________
жаран _______________________
(аты-жөнү)

***(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы № 4 токтомунун редакциясына ылайык)***

**АРЫЗ**

Мени патенттик ишенимдүү өкүл катары аттестациялоодон өткөрүүңүздү суранамын.

Өзүм жөнүндө төмөнкү маалыматтарды билдирем:

1. Жарандыгы ____________________________________________________

2. Туулган датасы _____________________________________________

3. Туруктуу жашаган жери ______________________________________

4. Билими (кайсы жогорку окуу жайын жана качан бүтүргөн): ________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

5. Мамлекеттик жана чет тилдерди билүүсү ___________________________

6. Компьютерде иштей билүүсү __________________________________________

7. Патенттик ишенимдүү өкүл катары келечектеги ишмердүүлүгүн

чектөө (көрсөтүү керек: "....тышкары", ".....гана" же "чектөөсүз") ____

______________________________________________________________________________

8. Азыркы учурда иштеген жери жана ээлеген кызмат оруну ___________

______________________________________________________________________________

9. Кат алышуу үчүн дарек (Кыргыз Республикасынын чегинде), телефону ж.у.с.

____________________________________________________________________

10. Паспорттук маалыматтары (номери, сериясы, берилген датасы, ким тарабынан берилген)

__________________________________________________________

Арызга төмөнкүлөрдү тиркеймин:

1. Жогорку билим жөнүндөгү дипломдун (дордун) көчүрмөсү ____________ баракта.

2. Талапкерди кошумча мүнөздөөчү башка документтер (белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинен жазып алуулар, мүнөзү, өнөр жай менчигин жана селекциялык жетишкендиктерди коргоо тармагындагы ишинин көлөмү жана натыйжалуулугу же адистик укуктук өкүлчүлүгү жөнүндө маалыматтарды камтыган, талапкердин иштеген жеринен алынган мүнөздөмө жана башка документтер), эгерде алар бар болсо: __________________________

______________________________________________________________________________

3. ______________________________________________ өлчөмүндө

аттестациялоо үчүн белгиленген алымдын төлөнгөндүгүн тастыктоочу документ.

"__" _____________ 20__-ж. ____________

(колу)

2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын
интеллектуалдык
менчик жаатындагы
ыйгарым укуктуу

мамлекеттик органынын
(Кыргызпатент)
жетекчисине
___________________________
жаран ____________________
(аты-жөнү)

***(КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы № 4 токтомунун редакциясына ылайык)***

**АРЫЗ**

Мени патенттик ишенимдүү өкүл катары каттоону суранамын.

Өзүм жөнүндө төмөнкү маалыматтарды билдирем:

1. Жарандыгы ______________________________________________________________
2. Туруктуу жашаган жери __________________________________________________
3. Аттестациялоо датасы ___________________________________________________
4. Кат алышуу үчүн дарек (Кыргыз Республикасынын чегинде), телефону ж.у.с.

_________________________________________________________________________

5. Кат алышуучу тилдер: ___________________________________________________
6. Азыркы учурда иштеген жери жана ээлеген кызмат орун ___________

______________________________________________________________________________

Арызга тиркеймин:

1. Аттестациялоо жөнүндө аттестациялык комиссиянын чечими.
2. ________________________________ өлчөмүндө

аттестациялоо үчүн белгиленген алымдын төлөнгөндүгүн тастыктоочу документ.

"__" _____________ 20__-ж. ____________
(колу)